Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин

Окумуштуулар Кеңешинин

31.01.2025-ж.

№ 5.1. ТОКТОМУ

1. КУУнун илимий-изилдөө иштеринин 2024-жылдагы жыйынтыгы жана приоритеттүү перспективалары.
*(Жооптуу Илимий иштер боюнча проректор М.М. Дылдаев).*

КУУнун илимий иштер боюнча проректору, профессор М.М. Дылдаевдин 2024-жылдагы илимий-изилдөө иштеринин жыйынтыгы жана келечеги жөнүндөгү отчетун угуунун жана талкуулоонун негизинде Окумуштуулар кеңеши төмөнкүлөрдү белгилейт:

Аталган жылдын отчеттук мезгилинде окуу жайдын факультеттеринде/институттарында олуттуу жана салмактуу иштер аткарылды.

Университетте илимий изилдөөлөр математикалык жана табигый-техникалык, экономикалык, коомдук гуманитардык жана медициналык багыттарда жүргүзүлөт. Университеттеги окумуштуулардын илимий потенциалы лицензиялык талаптарга шайкеш келет. Атай кетсек, 2024-жылы Скопуста - 152, РИНЦте – 784 макала чыккан. Жарык көргөн монографиялар – 4. Окуу китептер – 43.

2024-жылда илимдин кандидаттык, докторлук диссертациясын жактагандар менен алардын жетекчилери (кеңешчилер) үчүн түрткү берүүчү төлөмдөр жүргүзүлүүдө. Ички илимий грантка үстүбүздөгү окуу жылында 4 миллион сом университеттин тарыхында алгачкы ирет бөлүнүп, көз карадысыз эксперттик комиссия 11 илимий долбоорду татыктуу деп тапты, алардын ишмердиги каржылана баштады. 15 илимий-изилдөөчүлүк, илимий-өндүрүштүк борбор иштеп келүүдө.

Бул жылы КУУнун кызматкерлери тарабынан 7 докторлук жана 10 кандидаттык диссертация корголду. Эл аралык, республикалык долбоорлорго катышуу илгериледи. Конференцияларды өткөрүүнүн саны да, сапаты да артууда. Илимий метрикалык маалыматтар базасын колдонуу боюнча семинар-тренингдер, окуулар уюштурулду. Жаш окумуштуулардын илимий көндүмдөрүн арттыруу максатында семинарлардын циклы өтүп тастыктамалар тапшырылды, ал эми илимий жана методикалык эмгектерди күбөлөндүрүү, автордук укук жана интеллектуалдык менчик тууралуу 36 сааттык семинар өтүп КР министрлер кабинетинини алдындагы “Кыргыз патенттин” өкүлдөрү кыска мөөнөттү курс өтүштү. Илимий иш сапарларды каржылоо өркүндөө менен, алардын сапатына маани берилүүдө.

Бул жылы Илимий техникалык кеңештин 9 отуруму болуп өттү. Ал жыйындарда көп маселелер каралды. Алардын айрымдары: 44 кандидатык диссертациянын темалары жана жетекчилери бекитилди; 12 докторлук диссертациянын темалары жана илимий кеңешчилери такталды; 12 кандидаттык/докторлук диссертациянын темалары жана жетекчилери (кеңешчилери) өзгөртүлдү; 8 монография талкууланды; 64 PhD диссертациянын темалары жана жетекчилери бекитилди; 29 PhD диссертациянын экинчи чет элдик жетекчилери айкындалды; 9 PhD диссертациянын темалары жана жетекчилери өзгөртүлдү; эки ирет фундаменталдык илимдер институтунун жарым жылдык жана

жылдык отчеттору кабыл алынды ж.б. 2 илимий мектепти ачуу туралуу чечим, Окумуштуулар кеңешине сунушталды. 1 КР ББжИМнин илим жаатындагы сыйлыкка талакерлиги каралды, 3 кызматкерди илимий-изилдөө боюнча мамлекеттик сыйлыкка сунуштоо жагы каралды.

Жогоруда айтылгандардын негизинде, Окумуштуулар кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ

1. Ж. Баласагын атындагы КУУнун илимий иштер боюнча проректору М.М.Дылдаевдин илимий отчету эске алынсын.

2. КУУнун QS көрсөткүчүн көтөрүү жана топ-1000 рейтингине кирүү максатында Scopus, Web of Science маалымат базаларына кирген журналдарга макалалардын саны көбөйтүлсүн.

3. Дүйнөлүк илимий – метрикалык базаларга РИНЦ ID, ORCID ID, Web of Science ID, Scopus ID, Scival ID, Google Scholar ID, Elibrary spin, Elibrary ID ж.б. окутуучу-профессорлорду каттоо менен аны дайыма активдештирүү декандардын/директорлордун илимий иштер боюнча орун басарларына жүктөлсүн.

4. “Scopus/Web of Scince басылмаларына макала жазуу жана илимий изилдөөлөрдүн заманбап ыкмалары” аталышында семинар-тренингдерди, окууларды уюштурулсун.

5. QS көрсөткүчүнүн талаптарына ылайык илим менен өндүрүштүн байланышын түзүүгө жана чындоого багытталганг иш-чаралар уюштурулсун.

6. Аспиранттарды, PhD жана докторанттарды аттестациядан белгиленген мөөнөттө өткөрүү көзөмөлгө алынсын, кандидаттык (докторлук) диссертациялардын өз убагында корголбой калуусунун себептерин талданып жана ал боюнча сунуштар иштелип чыксын.

7. Улуттук университеттин окумуштуулары илимий изилдөө жүргүзүү максатында 2025- жылга ички грант алуу үчүн сынак жарыялансын.

8. "КУУнун Жарчысы" редакциялык-басма бөлүмүнө макала тапшырууда акыркы эки жылдагы (2022-2024 ж.ж.) басылып чыккан авторлордун эмгектерин адабияттардын тизмесинде милдеттүү түрдө көрсөтсүн.

КУУнун ОК төрагасы
профессор Д.Т. Чонтоев

КУУнун ОК катчысы
доцент Ж.Ж. Керимканова

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин
Окумуштуулар кеңешинин

31.01.2025-ж.

№ 5.2. ТОКТОМУ

2. Кадрларды кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу институтунун 2023-2024-окуу жылындагы КУУнун профессордук-окутуучулук курамынын жана орто билим берүү мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу боюнча аткарган иштеринин жыйынтыктары жана 2024-2025-окуу жылына карата КУУда профессордук-окутуучу курамдын жана орто, ошондой эле орто кесиптик мекемелеринин мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу боюнча иш планын бекитүү.

*(Жооптуу Кадрларды кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу институтунун директору А.К. Кулбаев.).*

Кадрларды кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу институтунун директорунун маалыматын угуп жана 2024-2025-окуу жылында КУУнун профессордук-окутуучулар курамынын жана мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу боюнча аткарган иштеринин жыйынтыктары жана 2024-2025-окуу жылына карата иш планын бекитүү жөнүндө сунушун карап чыгып,

Окумуштуулар Кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. 2024-2025-окуу жылында КУУнун профессордук-окутуучулар курамынын жана мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу боюнча аткарган иштеринин жыйынтыктары канааттандырарлык деп табылсын.
2. КУУнун Маалыматтык технологиялар борборунда окутуучуларды квалификациясын жогорулатуу курстарынын санарип инфраструктурасын өнүктүрүү багытында иш жүргүзүлсүн.
3. Кадрлар башкармалыгы жана Кадрларды кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу институтуна университеттин профессордук-окутуучулук курамынын квалификациясын натыйжалуулугун жогорулатуу максатында институттун штаттык бирдиктерин оптималдаштырсын.
4. Кадрлар башкармалыгын, институттардын, факультеттердин жана башка түзүмдөрдүн башчыларына КУУнун профессордук-окутуучулар курамынын жана мугалимдерин квалификациясын жогорулатууну системага салуу боюнча сунуштар 2025-жылдын 1 марттына чейин берилсин жана КУУнун профессордук-окутуучулар курамынын жана мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу боюнча 2024-2025-окуу жылына карата иш планы бекитилсин.
5. КУУнун профессордук-окутуучулар курамынын жана мугалимдердин квалификациясын жогорулатууну өткөргөн лекторлорго эмгек акысы жогорулатылсын.

КУУнун ОК төрагасы
профессор — Д.Т. Чонтоев

КУУнун ОК катчысы
доцент — Ж.Ж. Керимканова

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин

Окумуштуулар кеңешинин

31.01.2025-ж.

№ 5.3. ТОКТОМУ

3. Ж.Баласагын атындагы КУУнун 100 жылдык маарекесине даярдыктарды көрүүгө (бренддик басма продукциясы, брошюралар, мелдештерди өткөрүү) КУУнун кызматкерлеринин КУУнун коомдук фондуна бир күндүк эмгек акысын которуу жөнүндө. *(Жооптуу КУУнун ректору, профессор Д.Т. Чонтоев)*

Ж.Баласагын атындагы КУУнун ректору, профессор Д.Т. Чонтоевдун маалыматын угуп жана талкуулап Окумуштуулар Кеңеши төмөнкүнү белгилейт.

2024-ж. 24-декабырындагы Окумуштуулар кеңешинин отурумунун 3.11 токтому менен "Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы фонду" коомдук фонду уюштурулду жана Уставы бекилди. Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин 100 жылдык маарекесине даярдык көрүүгө (бренддик басма продукциясы, брошюраларды чыгарууга, мелдештерди өткөрүүгө) бир нече каражат керектелет. Ошондуктан, КУУнун жааматы менен КУУнун коомдук фондуна бир күндүк эмгек акысын которуу жөнүндө суроону макулдашуу сунушталып атат.

Ректор түзүмдөрдүн эмгек жамааттарынын жыйындарын өткөрүп, бул маселе боюнча бир пикирге келүү керектигин белгиледи.

Окумуштуулар кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин түзүмдүк бөлүмдөрүнө эмгек жамааттарынын чогулуштары өткөрүлүп, университеттин кызматкерлеринин "Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы фонду" коомдук фондуна бир күндүк эмгек акысын которуу макулдашуусу сунушталсын.

КУУнун ОК төрагасы
профессор Д.Т. Чонтоев

КУУнун ОК катчысы
доцент Ж.Ж. Керимканова

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин

Окумуштуулар Кеңешинин

31.01.2025-ж.

№ 5.4. ТОКТОМУ

4. Ж.Баласагын атындагы КУУнун тарых жана чөлкөм таануу институтунун алдында 570001- “Искусство таануу” адистиги боюнча лицензия алынып, 2024-2025 окуу жылына карата абитуринеттерди кабыл алуу уюштурулуп, жыйынтыгында 35 студент 1-курска кабыл алынган.

Аталган адистиктин негизги билим берүү программасы бекитилип, бул программада студенттерди искусство тарыхы, көркөм искусство, эстетикалык түшүнүктөр жана маданияттар аралык байланыштар боюнча терең билимдер менен камсыз кылуу максаттары белгиленген. Иш программалар түзүлүп, ар бир дисциплина боюнча тереңдетилген окуу ыкмалары сунушталган.

Тарых жана чөлкөм таануу институтунун директору т.и.к., профессор Т.Т. Сырдыбаевдин маалыматын угуп, Ж.Баласагын атындагы КУУнун Окумуштуулар кеңеши төмөнкүлөрдү белгилейт:

Билим берүү программасын уюштуруунун зарылдыгы - бул, илимдин жана технологиялардын учурдагы тенденциялары бизден ийкемдүү өзгөрүүгө тез көнүү мүмкүнчүлүгүнүн талабы. Профессордук-окутуучулар курамынын илимий изилдөөлөрүнүн жана окуу процессинин сапатын жогорулатуу, финансы каражаттарын үнөмдөө, окуу процессин заманбап талапка айкалыштыруу жана өркүндөтүү максатында Окумуштуулар кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Ж.Баласагын атындагы КУУнун тарых жана чөлкөм таануу институтунун алдында 570001- “Искусство таануу” адистигинде билим берүү программасы уюштурулсун.
2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө биринчи проректор-окуу иштери боюнча проректору А.Б. Шамшиевге жүктөлсүн.

КУУнун ОК төрагасы
профессор Д.Т. Чонтоев

КУУнун ОК катчысы
доцент Ж.Ж. Керимканова